# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

“___”___________20__-жыл №______ Раззаков шаар

**2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларына уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2026–жылдын 24–сентябрындагы “Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоону дайындоо жөнүндө” №715–VIII токтомун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026–жылдын 25–сентябрындагы “2027–жылдын 27–январында Кыргыз Республикасынын Президентин кызматына эркин, таза жана ачыкайкын шайлоону өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ №335 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026–жылдын 5–октябрындагы №757-т тескемесин ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 8-октябрындагы №01-12/241 буйругун, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 14-октябрындагы №2/276 тескемесин негизинде, 2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүү жана өткөрүүнү уюштурууда шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү максатында, Раззаков шаарынын мэриясы **Буйрук кылат:**

1. Раззаков шаарынын аймагында 2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүүдө жана өткөрүүдө шаардын аймагындагы шайлоо комиссияларына уюштуруу–техникалык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү боюнча төмөнкү шаардык штаб курамы түзүлсүн;

Халмуратов А.Т. – Раззаков шаарынын мэринин орун басары, **штабдын төрагасы**;

Абдираимов М.А. – Раззаков шаарынын мэриясынын аппаратынын жетекчиси, **штабдын төрагасынын орун басары**;

**Штабдын мүчөлөрү**:

Нурдинбаев С.С. – Раззаков шаарынын мэриясынын аймактык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы;

Хабибуллаев З.К. – Раззаков шаарынын мэриясынын социалдык өнүктүрүү секторун башчысы;

Насиров А.З. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин башчысы;

Ахматов Е.Ж. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы “Лейлек-Тазалык” муниципалдык ишканасынын директору;

Туранов М.С. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы “Исфана Таза Суу” миниуипалдык ишкансынын директору;

Каримов У.А. – Раззаков шаарынын мэриясынын жетектөөчү адиси, юрист;

Маллаев П.А. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин чарба башчысы;

Раззаков шаарына караштуу айылдардын айыл башчылары жана шаардын кварталдары боюнча жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча кызматкерлери.

2. Штабдын курамына 2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүүдө жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шаардагы атайын өкүлдөрүнө, шайлоо комиссияларына шайлоочулардын тизмелерин түзүү, тактоо, уюштуруучулук жана материалдык-техникалык маселелерди чечүү боюнча төмөнкүлөр милдеттендирилсин;

- Шаардын аймагындагы шайлоо участкаларын жеринен карап чыгып, мыйзам талаптарына ылайык керектелүүчү материалдык техникалык жабдуулар, материалдар жана кызматтар менен камсыз кылсын;
- Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды добуш берүү үчүн шайлоо участокторун жеткиликтүү камсыз кылсын жана шайлоо участоктору боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын керектөөлөрүнүн картасы түзүү ошондой эле иш жүзүндө саны жөнүндө маалыматтарды түзүшсүн;
- Шаардын аймагындагы шайлоо учаскалырында жарандардын санитардык–эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылуу, ден соолугун коргоо боюнча зарыл чараларды көрүшсүн, шайлоо участкаларын дезинфекциялоо жана участкалык шайлоо комиссияларына жарандардан келген кайрылууларын өз убагында кароо жагы колго алынсын;
- Шайлоо комиссияларына жайларды бөлүү, аларды автотранспорт менен камсыз кылуу жана байланыш маселелерин чечүү боюнча иш алып барсын;

- Биометрикалык каттоодон өтпөгөн жарандарды каттоодон өткөрүү жана шайлоо процесси менен байланышкан уюштуруу чараларын көрсүн;
- Үгүт материалдарын орнотуу үчүн атайын орундарды мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте бөлүп берүү жана аларды жайгаштыруу боюнча үчүн бирдей шарттарды камсыздасын;
- Шайлоо участкалырынын шайлоого карата даярдыгы боюнча жума сайын Лейлек районунун мамлекеттик администрациясына маалымат берсин.

3. 2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүүдө жана өткөрүүдө шаардын аймагындагы шайлоо комиссияларына уюштуруу–техникалык маселелерди чечүүгө керектүү жабдуулар, материалдар жана кызматтарды мамлекеттик сатып алууларын өткөрүп камсыздоо жагы Раззаков шаарынын мэриясынын аймактык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы С.С.Нурдинбаевге жүктөлсүн;

4. 2027–жылдын 27–январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоосуна даярдыктарды көрүүдө жана өткөрүүдө шаардын аймагындагы шайлоо комиссияларына уюштуруу–техникалык маселелерди чечүүгө керектүү жабдуулар, материалдар жана кызматтарды сатып алууга керектелген акча каражаты менен камсыз кылуу жагы Раззаков шаарынын мэриясынын башкы адиси, башкы эсепчи А.А.Таштановго жүктөлсүн;

5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө өзүмө калтырамын.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-03-315, 16.10.2026

Кол койгон: Кенжебаев Д.И.